**“БЕКИТЕМИН”**

Ош мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору, м.и.д., профессор Осумбеков Б.З.

«12» 11 2021-ж.

Маатазимова Гүлзат Эрматовнанын **«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)»** деген темада 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

## Р А С М И Й  П И К И Р И

**Илимий жетекчи -** педагогика илимдеринин доктору, профессор Ишекеев Назаркул Ишекеевич.

<u>Иш</u> Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасында аткарылган.

Диссертация Киришүүдөн, Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү проблемасынын изилдениши жана методологиялык негиздери, Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү боюнча илимий изилдоонүн материалдары жана Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы деген үч главадан турат.

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 99 «15» 11 2022

**Изилдөөнүн илимий жоболору, изилдөөнүн илимий жаңылыгы менен практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы жана** анын натыйжаларынын тастыкталышы ишенимдүү көрсөтүлгөн

**Автореферааттын мазмуну диссертациянын мазмунуна дал келет.**

Негизи, диссертациянын структурасы ЖАК койгон талаптарга жооп берет. Учурда бизге окшогон саны аз калк ааламдашуунун селине агып кетүү коркунучуна туш келгендиги – бүгүнкү күндүн ачуу чындыгы. Бул селден улуттук нарк-насил, улуттук дөөлөттөр гана сактап кала ала алат. Бул үчүн "Баланы жашынан..." деген принцип эң башкы орунга турушу керек. Бул иликтөө өзүнө мына ушул вазийпаны чечүү милдетин камтыган. Өз элинин улуттук дөөлөттөрүн, улуттук нарк-насилин, каада-салтын жана тарыхын билбеген пенде тамыры жок камгактай болору тээ мурдатан эле белгилүү. Диссертант мына ушул аталган баалуулуктарды башталгыч класстарда кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын окутуу аркылуу калыптандыруунун жол-ыкмаларына, технологияларына конкреттүү чыгармаларды үйрөнүүнүн мисалында жеткиликтүү ачып бере алган.

Салттуу методдор менен заманбап технологияларды ширештирип колдонуунун усулдарын да сунуштаган. Балдардын курактык жана индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн эсепке алуунун зарылдыгы жана аны жүзгө ашыруунун жолдоруна да токтолгон.

Изилдөөдө диссертант өзүнүн алдына койгон максат-милдетин ийгиликтүү ишке ашырган. Диссертацияны толук бүткөн, өз алдынча аткарылган иликтөө деп баалоого болот.

Ошентсе да, иликтөөдөгү төмөндөгү айрым мүчүлүштүктөрдү белгилеп коюубуз керек:

Главалардын, бөлүмдөрдүн аталышы абдан узун, кыскартып формировкалоо жана параграфтардын катышын да эске алуу керек (1§ 4, 2§ 3, 3§ 2);

Биринчи глава Кыргыз балдар адабиятынын этнопедагогикалык мазмуну, таалим-тарбиялык функциялары жана алардын азыркы шарттагы маани-маңызы, Кыргыз балдар адабиятын башталгыч класстарда окуп-үйрөнүү проблемасынын изилденишине тарыхый обзор, Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун методологиялык негиздери жана Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын таалим-тарбия берүүчү функциялары жана ал аркылуу окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетентүүлүктөр деген 4 параграфтан турат.

Экинчи глава Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун материалдары, Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча методдор жана Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча педагогикалык эксперимент методу деген 3 параграфты өз ичине камтыйт.

Үчүнчү глава III класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын элдик педагогика менен байланыштуу окуп-үйрөнүүнүн жолдору жана ыкмалары жана IV класстарда балдар жазуучуларын чыгармаларын окуп үйрөнүүнүн каражаттары, окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруунун формалары жана методдору деген 2 параграфтан турат.

Ар бир глава боюнча корутундулар чыгарылган.

Мындан сырткары жалпы корутунду, практикалык сунуштар менен колдонулган адабияттардын тизмеси берилген.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу төмөндөгүлөр менен тастыкталат.** Азыркы ааламдашуу жана технологиялашуу доорунда билим берүү процессине кыргыз элинин улуттук мурастарын, руханий-адептик баалуулуктарын киргизүү жана аларды өсүп келе жаткан муунга жеткирүү милдеттери башкы орунга чыгууда. Азыркы жаштардын массалык маданияттын агымына өзгөчө

тартылышы, туш тараптан кысып келе жаткан, элибиздин менталитетине ылайык келбеген көз караштар болочок муундун көзүн тумандатып, көкүрөгүн сокур кылууда. Билим берүү тармагынын эң башкы милдеттеринин бири – ошол сырттан келген жагымсыз көрүнүштөргө туруштук бере алуучу элдик тарбиянын өзөктүү идеяларын өзүнө сиңдирүү менен жалпы адамзаттык гуманисттик ойлорду кабыл ала билген ар тараптуу инсандын тарбияланышын ишке ашыра билгендигинде. Учурдагы жаштарда баңгичилик, ичкилик ичүү, тамеки тартуу, рэкеттик кылуу, бирөөлөрдү басынтуу сыяктуу терс сапаттар күчөп, интернетомания оорусу менен ооруп жаткандыгы жалпы коомдун дарты болуп калды. Мындай көрүнүштордүн орун алышына бирдиктүү мамлекеттик идеологиянын таасиринин төмөндүгү, мектеп – ата-эне – социум байланышынын бекем эместиги, педагогика илимибиздин коомдук күчүнүн жоктогу себеп болууда.

Мындай терс көрүнүштөрдү жоюу үчүн кыргыз жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеялардын ордун, ал идеяларды башталгыч класстардын адабий окуу предметинде үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу педагогика илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет.

Элдик педагогиканын идеяларын пайдалануу тууралуу ойлор Я.А.Коменскийдин «Байыркы чехтердин акылмандыгы», К.Д.Ушинскийдин «Эне тили», «Балдар дүйнөсү» деген эмгектеринде, классикалык педагогдордун (Ш.А.Амонашвили, Я.А.Коменский, А.С.Макаренко, И.Г.Песталоцци, Ж.Ж.Руссо, В.А.Сухомлинский, Л.Н.Толстой ж.б.) окууларында өзгөчө басым жасалуу менен белгиленген.

Бул зилдөөдө кыргыз жазуучуларынын чыгармалаындагы этнопедагогикалык ойлорду ачып берген этнопедагог окумуштуулар жана методисттер (Р.А.Абдыраимова, Б.А.Апышев, А.А.Алимбеков, С.О.Байгазиев, Ж.Б.Бешимов, Г.Н.Волков, А.Э.Измайлов, Н.И.Имаева, С.И.Иптаров, М.Х.Манликова, А.Ж.Муратов, А.Т.Калдыбаева, Ж.И.Койчуманов, М.Р.Рахимова, Т.О.Ормонов, Л.А.Шейман ж.б.) жана

балдар адабиятын изилдөөчүлөр (К.А.Абакиров, К.А.Исаков, Ү.Б.Култаева, М.С.Сулайманов, О.С.Сооронов, М.Түлөгабылов, Г.Орозова ж.б.) тарабынан методологиялык негиз болгон идеяларды андан ары тереңдеттик жана бул маселелерди дагы да конкреттештирип, жалпы билим берүүчү мектептердин III-IV класстарында кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы иштелип чыгылган. Изилдөөдө С.К.Рысбаевдин. А.Т.Сатарованын диссертациялык иликтөөлөрүнө жакындыгы жана айырмачылыгы ынанымдуу ачылып берилген.

Ошондой эле бул багыттагы методисттердин эмгектерине (Б.А.Абдухамитова, С.С.Сакиева, А.Д.Токтомаметов ж.б.) да токтолуп, изилдөнүн теориялык жана практикалык згөчөлүктөрүнө токтолгөн.

Аталган теманы тандоонун башкы себептери төмөндөгү *карама-каршылыктар болгондугун*: азыркы кезде жаш муундарды жетилген инсан катары калыптандырууда элдик педагогиканын салттары аркылуу тарбиялоого болгон талаптын өсүшү жогору болсо да, аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин практикага толук киргизилбей жаткандыгы; кыргыз жазуучуларынын балдар үчүн чыгармаларынын бай мазмуну жана идеясы адабияттаануу багытында изилденсе да, аларды азыркы мектеп окуучуларынын билимин, тарбиясын жөгорулатууга толук тарта албай жаткандыгыбыз; башталгыч класстарда балдар адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча мугалимдердин бир топ тажрыйбалары топтолсо да, алардын илимий багытта жыйынтыкталбагандыгы, буларга илимий баа берилбегендиги, – деп конкреттештирген.

Аталган карама-каршылыктарды чечүү үчүн **«Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)»** деген теманын тандап алынгандыгын көрсөткөн.

иликтөөдө кыргыз элдик оозеки чыгармаларга, анын өкүлдөрүнө караганда орус адабиятынын жомокторуна, орус акын-жазуучуларын чыгармаларына артыкчылык берилип калган;

кыргыз балдар адабиятын негиздегендер жөнүндө (М.Жангзиев, Р.Шүкүрбеков, Т.Кожомбердиев ж.б.д.) маалыматтар көмүскөдө калган;

стилистикалык каталар кездешет ("Сталиндик репресия кыргыз жазуучуларынын көп чыгармаларды жазуусунан коркуткан (31-б.)") жана илимий стилге ылайыктуу эмес сүйлөмдөр да кездешет ("педагогика илиминин **алп аалымы** Г.И.Волков");

үчүнчү бабынын корутундусун илимий негизге ылайыкташтырып иштеп чыгуу зарыл;

орфографиялык жана пунктуациялык каталарга жол берилген. Дефис менен сызыкча аралаштырып колдонула берилген.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдоонүн жалпы мазмунуна олуттуу таасир этпейт.

Матазимова Гүлзат Эрматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү проблемасынын изилдениши жана методологиялык негиздери» деген темадагы диссертациялык изилдөосү Кыргыз республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндогү" жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Матазимова Гүлзат Эрматовнанын «Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (3-4 класс)» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Ош мамлекеттик мамлекеттик университетинин филологиялык

билим берүү жана кыргыз адабияты кафедраларынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2021-жылдын 10- ноябрында (№ 1- протокол) талкууланып бекитилди.

**Катышкандар:**

**Момуналиев С. – п.и.д., профессор;**

**Элчиев Ж. – ф.и.д., ОшМУнун профессору;**

**Жамгырчиева Г. – ф.и.д., ОшМУнун профессору;**

**Тагаева З. – ф.и.к., ОшМУнун профессору;**

**Райымбердиева З. – п.и.к., доцент;**

**Жороев Т. – п.и.к., доцент;**

**Шайымкулов О. – п.и.к., доцент;**

**Байтикова Б. – п.и.к., доцент;**

**Турганбаев Н. – ф.и.к., доцент;**

**Мапаева Н. – ф.и.к., доцент;**

**Мурзакметов– т.и.к., доцент;**

**Маматова А. – улук окутуучу;**

**Жумаев Н. – улук окутуучу;**

**Камчыева Ж. – улук окутуучу;**

Отурумдун төрагасы, педагогика илимдеринин доктору, профессор: С.Момуналиев

Катчысы: Ж.Камчыева

Ош МУ
Тастыктаймын
20 21 ж. «10» 11
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.20.623
16.11.2021
уч. секр. ДС: Осмонбаева Ж.К.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

...БАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
...ЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
...ОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ